КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

А.МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК
ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

КАРАЛДЫ
Ош МПУнун Окуу-усулдук кеңеши
01.07.2022-жыл, №4 кеңешме
Ош МПУнун ОУКтун төрагасы,
б.и.к.,проф. Раимбеков К.Т. _____

БЕКИТИЛДИ
Ош МПУнун Окумуштуулар кеңешинин
№ 8 протоколу, 04.07.2022-жыл
Ош МПУнун ОКнын төрагасы,
п.и.д., профессор Зулуев Б.Б _____

Студенттердин билимин текшерүүнүн электрондук модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө Жобо

Ош-2022

ОшМПУнун Окумуштуулар кенешмесинде 2016-жылдын 22-ноябрында, 2019-жылдын 21-январындагы кабыл алынган Студенттердин билимин текшерүүнүн электрондук модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө Жобосунун жаны редакциясы

1. Жалпы жоболор

1.1. Студенттердин билимин текшерүүнүн модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө Жобо ОшМПУнун жумушчу пландарына киргизилип, окуу бөлүктөрүндө жүзөгө ашырылып жаткан бардык дисциплиналарды камтыйт. (Музыка жана дене-тарбия адистиктердеги айрым предметтерден сырткары). Музыка жана дене-тарбия адистиктердеги айрым предметтерден модулдар алынып, студенттердин алган баллдары график боюнча өз убагында AVN маалыматтык системасында электрондук ведомостуна киргизилет.

1.2. Окутуунун кредиттик технолгиясына өтүүгө байланыштуу жана учурдагы, аралыктагы (чектердеги) жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү кабыл алуу эрежелерин өркүндөтүү максатында студенттердин билимин текшерүүнү AVN системасында электрондук түрүнө өтүүнү шарттайт. Студенттердин билимин текшерүүнүн электрондук модулдук-рейтингдик системасы окутуунун кредиттик технологияларын колдонуп, бакалаврларды жана атайын орто кесиптик адистиктерди даярдаган ОшМПУнун бардык структуралык бөлүмдөрүнө тиешелүү.

1.3. Студенттер модулдарды электрондук негизде AVN маалыматтык системасында тапшырышат. Жыйынтыктоочу сынак негизги билим берүү программасында каралгандай оозеки, жазуу же тест түрүндө жүргүзүлөт.

2. Бул жобо төмөнкүлөрдүн негизинде түзүлгөн:

2.1. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы;

2.2. КРнын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген ECTSти Кыргыз Республикасында колдонуу боюнча нормативдик документтердин жыйнагы;

2.3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому;

2.4. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин учурдагы контролдоо жана орто аралыктык аттестацияны жүргүзүү жөнүндө жобосу;

2.5. ОшМПУнун уставы.

3. Модулдарды (учурдагы жана чектердеги текшерүүлөрдү) өткөрүү графиги жана эрежелери.

3.1. 1-8-жумалардын жыйынтыгы боюнча биринчи модуль 7-8-жумада өткөрүлөт.

3.2. Экинчи модуль 8-16-жумалардын жыйынтыгы боюнча 15-16-жумада өткөрүлөт.

3.3. Студенттерге модулдарга киргизүүгө сабак өткөн окутуучунун уруксаты менен, декандын окуу иштери боюнча орун басары, окуу инспектору кол койгондон кийин модулга киргизилет. Модулдарга киргизүүгө уруксат берүүдө студенттин сабактарга катышуусу каралат.

3.4. Ар бир модулдун суроолору 60 суроодон турат, так илимдердики 40-50 суроого чейин.

3.5. Студентке модулдарды тапшыруу үчүн 20-25 суроого 20-30 минутага чейин убакыт, так илимдер үчүн 10-15 суроого 30-40 минута берилет.

3.6. 1-семестрдеги экинчи модулга келишимдик акыны 50% төлөгөн студенттерге уруксат берилет. 2-семестрдеги экинчи модулга 100% келишимдик акыны төлөгөн студенттерге уруксат берилет.

3.7. Ар бир семестрде студенттердин билими (компетенттүүлүгү) 100 баллдык система менен бааланат жана ал үч этапка: 1-модуль (*М1*), 2-модуль (*М2*), жыйынтыктоочу текшерүү (*ЖТ*) болуп бөлүнөт. Модулдарда жана жыйынтыктоочу текшерүүдө босого (пороговый) балл 60 баллга барабар деп эсептелет. Жыйынтыктоочу текшерүүгө окутуучу 15 баллдан көп эмес упай берет. *Эгерде студенттин топтогоу баллы* биринчи жана экинчи модулдарынын жыйынтыгынын орточо упайына кошумча упай кошулганда 60 упайга жетпесе гана модулдарды кайра тапшыруусу зарыл.

3.8. Студенттердин билимин текшерүүнү AVN системасындагы электрондук түрүндөгү текшерүүнүн жыйынтыктары электрондук ведомостторго топтолот жана окутуучунун, окуу инспекторунун, факультеттин деканынын колу коюлуп тастыкталат.

3.9. Эгерде студент модулдарга жүйөөлүү себептерден улам кирбей калса, себептери такталып факультеттин (колледждин) деканынын (башчысынын) уруксаты менен жалпы ОшМПУ боюнча ар бир модуль бүткөндө белгилүү бир убакытта кайрадан киргизилет.

Студенттерди кайрадан модулга киргизүү үчүн деканат жана окуу бөлүмү график түзүп берет.

4. Электрондук модулдарды жана жыйынтыктоочу сынактарды тапшырууда билимди баалоо системасы

4.1. Электрондук модулдарды жана жыйынтыктоочу сынактарды тапшыруу Ош МПУнун Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынган "Билимди баалоо системасы" жана "Баалоо каражаттар фонду" боюнча кабыл алынган жоболордун негизинде бааланат.

4.2. Билимди баалоонун **30 баллдык шкаласы** менен 100 жана 5 баллдык баалоо шкалаларын салыштыруу үчүн 2-таблицаны пайдаланабыз.

2-таблица. Баллдарды салыштыруу таблицасы

100 баллдык система	Тамгалык система	Традициялык система
87 – 100	A	Эң жакшы
80 – 86	B	Жакшы
74 – 79	C	
68 – 73	Д	Канааттандырарлык
60 – 67	E	
31 - 59	FX	Канааттандырарлык эмес